**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ТИЛЕКТЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛ ОКМОТ**
**ТИЛЕКТЕШСКОГО АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

---

**Тилектеш айыл аймагынын айылдык Кенешинин VIII чакырылышынын кезексиз XXIII сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2026-жылдын 24-сентябры № 23/5 Жаңы-Турмуш айылы

**Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2- Региондор аралык башкармалыгынан каржылоо сурап кайрылуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 1-бөлүмүнө, 2-бөлүмүнүн 2-пунктуна ылайык, айыл өкмөт башчысы Т.Кармышак уулунун сунушун угуп жана талкуулап, Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешин **VIII** чакырылышынын кезексиз **XXIII** сессиясы **токтом кылат:**

1. “Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Корул жана Жошолу айылдарындыгы электр чордондорунун электр чубалгыларынын топографиялык чиймесин даярдоо” долбоору жактырылсын.

2. “Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Корул жана Жошолу айылдарындыгы элктр чордондорунун электр чубалгыларынын топографиялык чиймесин даярдоо” долбоорун ишке ашыруу үчүн, түзүлгөн сметага ылайык 700 000 (жети жүз миң) сом акча каражаты Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2- Региондор аралык башкармалыгынан каржылоо суралсын.

3. Айыл өкмөт башчысына ушул токтомдун негизинде, Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2- Региондор аралык башкармалыгына белгиленген тартипте өтүнмөнү жана бардык тиешелүү зарыл документтерди жөнөтүү тапшырылсын.
4. Токтом расмий жарыяланган күндөн кийин күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын камсыздоо айыл өкмөттүн башчысынына милдеттендирилсин, ал эми көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, салык жана финансы боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Төрөшев**